**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.18.573 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

**УДК: 371.035.5+371.035.6**

**КАДЕНОВА ЖАННАТ ТОКТОМАМАТОВНА**

# «МАНАС» ЭПОСУНДА БАЛА МАНАСТЫН ИНСАН, ПАТРИОТ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНДА ЭЛДИК ТАРБИЯ САЛТТАРЫНЫН РОЛУ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын
жана билим берүүнүн тарыхы**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу кафедрасында аткарылды

**Илимийжетекчи**: филология илимдеринин доктору, профессор
**Байгазиев Советбек Орозканович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Алимбеков Акматали Алимбекович**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
**Саалиева Дамира Токтобековна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика кафедрасы.
Дареги: 720044, Бишкек шаары, Тынчтык проспекти, 27.

Диссертациялык иш 2018-жылдын __________саат_____ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин жыйынында алдын ала корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51. www. arabaev.kg

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат _________________________таркатылды.

**Диссертациялык кеңештинокумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Т.Калдыбаева**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ар бир эл өзүнүн тарыхын, руханий мурастарын, ырым-жырым, салтын эстен чыгарбай аздектеп, келээр муун тарабынан уланып, өркүндөп кетиши үчүн талбай кам көрмөйүн маданият жаатында башка калктар, мамлекеттер менен тең ата даража күтө албайт. Анткени, «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт» (Волков Г.Н.). Ошону менен бирдикте муундарды мындай баалуулуктарга ээ кылуунун идеалдары байыркы замандан эле элдин тутумунда туруктуу жашап келген элдик оозеки чыгармаларда көбүрөөк сакталаарын К.Д. Ушинский төмөнкүчө белгилеген: «Ар кандай улут ыр баштап, макал, жомокторунан азыркы роман, драмаларына чейин адам кандай болуш керектиги жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ишенимдерин бекемдеп келет. Ошол идеалдуу адамды жан дүйнөсүнө жакын бардык сапаттар менен асылдандырат. Ал аркылуу эл өзүн-өзү аңдоо даражасын, жакшы жана жаман насили тууралуу көз караштарын, абийирин туйгузат. Ал улуттун өнүгүшүн коштоп, пейил мүнөзүнүн калыптанышына таасир этет”. Кыргыз педагогикалык маданиятынын тарыхында ошондой мурастардын эң орчундуусу “Манас” эпосу. “Манас” эпосунун кыргыз элинин дүйнө таанымы менен таалим-тарбия тарыхында олуттуу орду бар мураска атайылап педагогикалык өңүттөн кайрылбаган окумуштуулар деле даана айрымалап баалашкан. Алсак, XIX кылымда Ч.Валиханов эпосту «Кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламаларынын бир мезгилге келтирилген, жеке бир адамдын – Манас баатырдын тегерегине топтолгон энциклопедиялык, диндик, медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилелери орун алган» -деп баалаган. Ал эми Б.Юнусалиев 1958-жылы эпостун кыскартылып бириктирилген вариантына жазган кириш сөзүндө «Манас» жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул таалим алуучу роман-китептин милдетин аткарып келген» – деп жазган.

«Кыргыз Республикасынын «Манас» жөнүндөгү мыйзамында» (2011-ж.) улуу дастандын муундарды социалдаштыруудагы руханий-педагогикалык функциясы даана аныкталган. Ал эми 2013-жылы КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында кабыл алынган ««Манас» эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясында» эпостун таалим-тарбия ишинин ресурстук базасы катары мааниси төмөндөгүчө белгиленген: «Манас» эпосун окутуу жаш муундарда тарыхый эс тутумду, патриоттуулукту, мекенчилдикти, достук сезимдерди, бир сөз менен айтканда, улуттук иденттүүлүктү, этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу, бул аркылуу кыргыз мамлекетинин руханий пайдубалын бекемдөө жана өлкө ичиндеги биримдикти, улут аралык ынтымакты чыңдоо үчүн аба менен суудай зарыл”- экендиги бекемделген. [60, 521-522-бб.].

Улуу мурастын таалим-тарбиялык идеялары туралуу изилдөөлөр көп кырдуу аспекттерди камтыйт. “Манас” эпосун педагогикалык мурас катары издөөнүн теориялык-методологиялык маселелери Г.Н. Волков, А.Э. Измайлов Т. О.Ормоновдордун, этнопедагогикалык билимдердин компоненти катары

А. Алимбеков, С.Байгазиев, С.Иптаров Б.Исаков, А.Муратовдун, эпос аркылуу окуучу жаштарды тарбиялоо, мугалим кадрларын даярдоо маселелери Г.Абдымомунова, Ф.Баитова, Д.Саалиевалардын эмгектеринде каралган. Арийне, жогорку авторлордун эмгектери эпостун таалим-тарбия чөйрөсүндөгү ордун таанып билүүгө өбөлгө боло алат. Ошону менен бирдикте аталган эмгектер мурастагы педагогикалык билимдердин табиятын толук таануу үчүн жетишсиз. Айрыкча, эпостогу инсанды бармактайынан баштап калыптандыруунун факторлору, методдору туралуу тарыхый педагогикалык билимдер атайын талдоого алынган эмес. Мындай абал кезегинде “Манас” эпосун таалим тарбия чөйрөсүндө колдонуу багыттарын конкреттештирүүдө кыйынчылык жаратып келүүдө.

Ошентип, “Манас” эпосун бүгүнкү таалим-тарбия ишинде өзгөчө мекенчилдикке тарбиялоодо колдонуу талаптары менен эпостун мазмунунда чагылдырылган мекенчил инсанды калыптандыруу багытындагы элдик билим тажрыйбалардын табияты туралуу илимий рационалдуу илимий билимдердин жетишпестигинин ортосунда олуттуу айырма, *карама-каршылык* бар.

Жогоруда аталган жагдайлар биздин диссертациябыздын **актуалдуулугун** тастыктайт. «Манас» эпосундагы мекенчил инсандын жетилүү эволюциясы жана анын педагогикалык факторлору учурдагы этнопедагогиканын талаптарына ылайык иликтеп-изилдөөнүн зарылдыгын көрсөттү. Теманы тандоо дал ушул жагдайларга негизделип анын проблемасы «Манас» эпосунда балдарды мекенчилдикке тарбиялоо жаатындагы билим жана тажрыйбалар кандай болгон?” - деп формулировкаланды.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» жана Кыргыз-Өзбек университетинин илим-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** «Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролун ачып көрсөтүү.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлат:

1. «Манас» эпосунда балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча салттык билимдерди изилдөөнүн азыркы абалын аныктоо.

2. «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун факторлоруна жана «табийгый тарбиячылар» институтуна талдоо жүргүзүү.

3. Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык формаларын, ыкмаларын ачып көрсөтүү.

4. «Манас» эпосунун баалуулуктарын азыркы жаштарды тарбиялоодо колдонуу боюнча тажрыйбалардын өнүгүү тенденцияларын ачып көрсөтүү жана аларды илимий жактан баалоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** «Манас» эпосундагы «бала Манасты инсан, патриот катары калыптандыруу» түшүнүгү салттык тарбиянын модели катары илим айдыңынан ачылып көрсөтүлдү; «Манас» эпосундагы бала

Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык факторлору, «табийгый тарбиячылар» институту, ыкмалары кыргыздын элдик педагогикасынын компоненти катары талдоого алынды; «Манас» эпосунун педагогикалык баалуулуктарын азыркы окуучу жаштарды тарбиялоодо колдонуу боюнча тажрыйбалардын тарыхы жана өнүгүш тенденциялары талдоого алынып, илимий-педагогикалык баа өлчөмүнөн өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары кыргыз мектептеринин окуучуларын тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүдө эске алынышы мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары мектептин “Кыргыз адабияты” сабагынын “Манас” эпосуна байланыштуу окуу материалдарынын мазмундук чектерин кеңейтүүгө ресурстук база катары колдонууга болот.

Изилдөөнүн материалдары жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Манас таануу», «Этнопедагогика» сабактарынын окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. «Манас» эпосун руханий -педагогикалык дөөлөт жана балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча билимдердин булагы катары изилдөөнүн азыркы абалы;
2. «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык факторлорунун жана «табийгый тарбиячылар» институтунун тарыхый этнопедагогикалык анализи.
3. «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык методдору, ыкмаларынын тарыхый этнопедагогикалык анализи.
4. «Манас» эпосунун педагогикалык баалуулуктарын азыркы окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо колдонуу боюнча тажрыйбалардын тарыхы жана өнүгүш тенденциялары.

**Изилдөөчүнүн илимге кошкон жеке салымы:**кыргыз жана дүйнөлүк педагогика илиминин соңку жетишкендиктерине таянылып алгачкы жолу «Манас» эпосундагы бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышы тууралуу идеялар кыргыз эл педагогикасы менен бирдикте аныкталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы (апробациясы).**

Илимий изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары Кыргыз-Өзбек университетинин педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу, кыргыз филологиясы кафедраларында талкууланып жана коррекцияланып турду.

Диссертациялык иштин концепцияларынын негизинде Эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда (Россия, Түркия, Казакстан, Кыргызстан) билдирүүлөр жасалды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Иштин негизги жоболору КР ЖАК талап кылган жалпы 20 макалада (анын ичинен 6 макала чет өлкөдөн) чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, эки главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (293), 3 таблицадан, 2 сүрөттөн турат.

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу далилденип, изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси көрсөтүлдү, коргоого коюлуучу жоболор чагылдырылды.

**Биринчи глава «Манас» эпосун патриот инсанды тарбиялоо боюнча салттык билимдердин булагы катары изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталып**,** анда ааламдашуу доорунда элдин тарбия салттарын актуалдаштыруунун социалдык педагогикалык өбөлгөлөрү, «Манас» эпосундагы балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча салттык билимдерди изилдөөнүн тарыхы жана азыркы абалы каралат.

**Экинчи глава «Манас» эпосунда балдарды мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык системасынын чагылдырылышы»** деп аталат жана анда эпостогу балдарга багышталган элдик салт ырым-жырымдардын тарбиялык мааниси, бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун факторлору жана ага таасир эткен тарбиячы инсандардын ишмердүүлүктөрү, Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык формалары, методдору, ыкмалары талдоого алынат. «Манас» эпосу аркылуу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары, бала Манастын образы, жүрүш-турушу аркылуу бүгүнкү мектеп окуучуларын, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоонун педагогикалык шарттары, тарыхый эволюциясы жана ал процесстин модели чагылдырылат.

**Жалпы корутундуда** изилдөөнүн мазмунунан келип чыккан негизги жыйынтыктар жана практикалык сунуштар берилди.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи глава «Манас» эпосун патриот инсанды тарбиялоо боюнча салттык билимдердин булагы катары изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталып, изилдөөнүн биринчи милдетин ачып көрсөтүүгө арналган. Изилдөөдө ааламдашуу доорунда элдин тарбия салттарын актуалдаштыруунун социалдык педагогикалык өбөлгөлөрүн айкындоо үчүн азыркы Кыргызстандын жалпы дүйнө менен интеграциясынан улам, сырт жактан массалык-маданиятын агылып кирип жатышы, эң биринчи кезекте ошол таасирден улам балдардын тарбиясында терс көрүнүштөр болуп жаткандыгы көрсөтүлөт. Алар: адепсиздик, мекенди сүйүү сезимдеринин жоголуп, баңгичиликке, ичкиликке берилип кетүү, улууну сыйлоо салтынын бузулуп баратышы. Булардын ичинен жаштардын өтө көп бөлүгү интернет аркылуу чет мамлекеттерден жумуш таап, ошол жакка кетүүгө, андан соң биротоло калууга аракет кылышы, кыйын күндө өз мекенин таштап кетүүгө даяр турушу. Мындай синдром албетте, өлкөбүздүн, элибиздин, улутубуздун коопсуздугуна коркунуч туудурбай койбойт. Ушул жагдайлардан улам азыр дүйнөдө бардык улуттар өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрүн сактап калуу, өз маданиятынын уникалдуулугун белгилөө, жаш муундардын улуттук

этникалык иденттүүлүгүн калыптандыруу жаатында активдүү иш аракеттерди жасоодо. Этникалык маданий асыл нарктарын айкындоо, актуалдаштыруу глобалдаштыруу процесстеринин өкүмүнө каршы туруунун эң кубаттуу таянычы жана тиреги катары аңдалууда. Түпкүлүгүндө универсалдуу идеалдарды этномаданий бөтөнчөлүктөр менен айкалыштыруу, жаштардын «өз ата мекенинде бөтөн адам» болуп калбашын камсыз кылат, жеке адамдын ошондой эле бүтүндөй этностун өзүнө таандык руханий маданий автономдуулугунан ажырап ара жолдо калбашына бөгөт коюп, дүйнөлүк цивилизациянын теңтайлаш субъекти катары өнүгүп калыптанышына өбөлгө болот. Ошентип, этникалык маданий асыл нарктарга кайтып келүү XXI кылымдагы кыргыз коомунун актуалдуу милдетине айланууда. Бул милдет кыргыздын менталитетине көптөгөн кылымдардын сыноосунан өтүп, тазаланып, кристализацияланып, бүгүнкү күнгө жеткен элдик педагогикалык маданияттын үлгүлөрүн жандандыруу менен тикеден тике байланыштуу. Элдик педагогикалык маданият биздин бабалардын бардык муундарынын жан-аракеттери менен адамзат цивилизациясынын көп кылымдык өнүгүүсү аркылуу топтолуп чыңалган жана чогултулган энергия.

Биздин иш кыргыз фольклорундагы, тагыраагы, «Манас» эпосундагы Манастын баатыр катары төрөлүшүн, балалык учурда эл-жерин сүйгөн жана аны коргоого өзүн даярдаган мезгилин педагогикалык аспектиден кароого алуу болгондуктан, орус, түрк-монгол, кыргыз эпикалык чыгармачылыгындагы баатыр балага зарлап жүрүү, анын энесинин талгак болушу, төрөлүү учурундагы табияттан тышкаркы көрүнүштөр, баланын тарбиясыздыгы жана аны тарбиялоо үчүн көрүлгөн аракеттер, жаш учурунда адам катары калыптануусуна таасир эткен факторлор жана тарбиячылар тууралуу жазылган философ, эстетик, фольклор таануучу, этнопедагог, этнограф ж.б. илим тармагынын эмгектерин окуп, талдап, алардын методологиялык ойлорун кайсыл өңүттөн алып, кайсыл учурларын пайдалануу керектигин көрсөттүк.

Дүйнөлүк философияда, педагогикада, адабият таанууда, социологияда, медицинада, психологияда инсандын калыптанышы ар тараптуу изилденди. Инсандын ошол илимдер ачкан жалпы белгилери: ар бир адам өзүнө гана тиешелүү интеллектуалдык, эмоциялык, эрктик жекече белгилери жана сапаттары бар адам; индивид деңгээлинен чөйрөнүн жана тарбиялоонун таасиринде аң-сезимдүү ишкердүүлүктүн натыйжасында өсүп жеткен коомдук субъект; адамды коомдун мүчөсү же жалпы элдин бири катары мүнөздөөчү социалдык маанилүү белгилердин системасы; анын өз алдынчалыгы жүрүм-турумунда, иш-аракетинде көрүнүүчү жекече социалдык, биологиялык, психика-физиологиялык жана руханий сапаттары менен байланышат; ал кандайдыр бир социалдык топтук, этностук, кесиптик, конфессиялык, демографиялык белгилерге ээ болот. Психологияда инсанды дифференциалдык (индивид өзгөчөлүктөрүн изилдөө), онтогенездик (жеке адамдын балалык, тестиер жана өспүрүм курагында калыптанышын изилдөө), адам психологиясы (жеке адамды бүтүндөй, толук бойдон мүнөздөө) багыттарда изилдесе, педагогикада аны тарбиялоонун жана тарбиянын продуктусу катары көрөт.

Жогорудагы илимдердин баары эле инсандын калыптанышында төмөнкү факторлордун ролу чоң экендигин белгилешет: адам жашаган чөйрө; адамдын гени (кыргыздар жети атасы, тайлары, уруусу дешет); жаратылыш; тарбия. Мына ушул теориялар менен караганда эпикалык доордогу эпикалык баатырдын мекенчил инсан катары калыптануусу ар түрдүү илимдердин жардамы менен аныкталган. Эң бирини кезекте ал баатыр согуштук аракеттер күч алып турган кезде, адамдардын аң-сезими азыркыдан башкача болгон учурда жаралган. Мына ушул багытта изилдөө жүргүзүү үчүн биздин диссертацияда маданият таануу (Д.Фрэзер, К.Г.Юнг, Э.Нойманн, Р.Грейвс ж.б.), философия жана эстетика (М.М.Бахтин, С.Ф.Анисимов, В.Ф.Асмус, Д.С.Лихачев, Н.А.Бердяев, А.Ф.Лосев, А.А.Потебня ж.б.), адабият теориясы (Г.Л.Абамович, Н.А.Гуляев, В.М.Жирмунский, И.Султан, М.И.Тимофеев, Б.В.Томашевский ж.б.) боюнча эмгектер иликтөөгө алынды. Орус социал-демократтары (В.Г.Белинский, Н.А.Добролюбов, Н.Г.Чернышевский ж.б.) коом жана инсан байланышын аябай терең карашкандыгы эмгекте пайдаланылды. Орус фольклористтери (В.Я.Пропп, А.А.Петросян, Б.Н.Путилов, В.М.Жирмунский, Е.М.Мелетинский ж.б.), кыргыз тарыхын жана этнографиясын изилдөөчүлөр (А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, А.Байтур, М.Мамбетакун ж.б.).

Диссертацияда булардын арасынан “Манастын” педагогикасы бонча изилдөөлөр өзүнчө бөлүнүп көрсөтүлгөн. Этнопедагогика илиминин негиз салуучусу Г.Н.Волковдун калемине таандык "Этнопедагогика" (1974) аттуу педагогика тарыхындагы эң алгачкы фундаменталдуу эмгекте эпостордун педагогикалык табиятына байланыштуу маселелер негизинен "Манастын" материалдарынын негизинде талдоого алынып айкындалган. Окумуштуунун пикиринде: "Манас" эпосу айкын педагогикалык мүнөзгө ээ. Анын ыр саптарында ар намыс, атуулдук ариет, мээнеткечтик, Ата Мекендин ыйыктыгы, үй-бүлөдөгү ынтымак ырашкерлик, инсандар аралык адамгерчиликтүү мамилелер, улут аралык достук, жана кызматташтык аял затына, улгайган адамдарга урматтоо менен мамиле кылуу, балдардын таалим тарбиясы, келечеги үчүн кам көрүү, табиятка сарамжал мамиле кылуу, айкөлдүк, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык маанидеги көп кырдуу таалим-тарбия идеялары катылган. Кыргыз этнопедагогикасы боюнча изилдөөчү Т.Ормонов "Манас" эпосу кыргыз элинин "педагогикалык пансофиясы" (бардык акыл билимдеринин жыйындысы) катары баалануога тийиш -деп эсептейт. Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов "Манастын" бүгүнкүсүндөгү мааниси жөнүндө ой толгоп мындай дейт: "Манас - өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. Манас аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат". С.Байгазиев «Манасты» кыргыздардын «тил жана дил» бешиги катары мүнөздөгөн. Бул багытта анын ар түрдүү аталыштагы эмгектеринде океандай «Манастын» элдик педагогикасы, жаштардын таалим-тарбиясына негиз боло турган эпостун руханий, адептик-ыймандык жана патриоттук улуу дөөлөттөрү, мекенчилдик идеологиясы жана ата-бабаларыбыздын бала тарбиялоодогу колдонгон усулдары, ыкма-амалдары, педагогикалык-гуманисттик философиясы тууралуу далилдүү жана терең сөз болот. Ырасында эле, "Манас"- элдин кылымдап калыптанган таалим-тарбия

жаатындагы даанышмандыгынын соолбос кенчи. Б. Исаков белгилегендей "Эпос революцияга чейин кадыресе элдик мектептин милдетин өтөгөн. Дастанды уккандар манасчынын талант-дараметине арбалып, таасирленген, эпостогу бүткүл окуяны же анын бөлүкчөсүн бардык маани-жайы менен кабылдап, акыл-эсине токуган, таалим-тарбия алган. Же бүгүнкү мектептин көзү менен карасак, угарман кадимкидей билимге ээ болуп, көз карашы, жан дүйнөсү, жүрүш-турушу калыптанган». Анализдин натыйжалары кыргыз этнопедагогикасында «Манас» эпосунун материалдарына кайрылбаган бир да эмгек жок экендигин тастыктоого мүмкүнчүлүк берди. Муну этнопедагогиканын түрдүү маселелерине арналган Р.Абдраимова, А.Алимбеков, Б.Апышев, Н.А.Асипова, Ж.Бешимов, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, К.Иманалиев, С.Иптаров, А. Исаев, Н.И.Ишекеев, А.Калдыбаева, Р.И.Курманходжаева, Ч.Т.Осмонова, С. Рысбаев, У. Эгембердиев, С.М.Саипбаевдердин эмгектери да тастыктап турат. Ошону менен бирдикте аталган эмгектерде «Манас» эпосундагы мекенчил инсанды калыптандыруу багытындагы салттык билимдерди бүгүнкү педагогикалык теория жана практиканын таламына шайкеш реконструкциялап, талдап чыгуу рационалдуу дөөлөттөрүн мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун булагы жана каражаты катары колдонуу маселелери өз алдынча изилдөөнүн предмети боло элек.

Экинчи глава **«Манас» эпосунда балдарды мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык системасынын чагылдырылышы»** деп аталып, изилдөөбүздүн өзөктүү милдеттери эпостогу инсанды ар тараптуу тарбиялоо тууралуу педагогикалык ойлордун берилишине жана бала Манастын патриоттук сезимдеринин калыптанышына таасир эткен элдик педагогикалык факторлорду жана тарбиячылардын өрнөктүү ишмердүүлүктөрүн изилдөөгө, ошол тарбиялоонун каражаттарын, формаларын, методдорун көрсөтүүгө арналды. Жарык дүйнөгө көз жарып келген перзенттин эрезеге жетип, төрт тарабы шаймашай адам болуп калыптанышы эмнелерден көз каранды? Кайсы факторлор башкы мааниге ээ? Адамзатты түп замандардан бери түйшөлтүп келген мындай түйүндүү суроолор “Манас” эпосунда да орчундуу маселе катары каралганын көрүүгө болот.

Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор катары биринчи кезекте ошол учурдагы күнкор элдин абалы, мекенсиздик фактору; экинчиси, кыргыз элинин байыртадан келе жаткан баатырдык тууралуу идеалы, өрнөктүү адамдардын үлгүсүндө өстүрүү салты; үчүнчүдөн, балдарды тарбиялоодо карылардын, улуулардын милдети өзгөчө феномен экендиги белгиленди. Ырасында эле Манастай баатырды тарбиялоо зарылдыгы ошол кыргыздардын тарыхындагы тагдыр чечээр кырдаалдар менен шартталган. Эпостун материалдары боюнча даанышман педагог эл бала Манасты мекенчил инсан катары калыптоонун программасын кыял жана санаа катары белгилейт. Манастын бабасы Каракан өлгөндө Кытайдан Молто кан, Алооке дегендер чыгып, кайраттууну сабаган, катын менен баланы олжо кылып талаган, тоодогу тогуз миң жылкыга тийип, өрүштөгү төөнү союп кеткен, ургаачыдан узду алган, беш көкүлдүү кызды алган, кемпирлерди ыйлаткан, абышкаларды кыйнаган. Муну Жакып түшүнгөн менен ал абалдан кантип чыгуунун айласын билген эмес, күрөшсүз эле жүрө берүү керек деген

ишенимине башкаларды да ынандырууга аракет кылган. Ушундай шартта Ата Мекен, эл-журттун келечеги, тагдыр-таалайы урпактардын таалим-тарбиясына байланыштуу болот деген байыртан жашап келген элдик педагогикалык акылмандык ортого чыгат, активдүү аракетке кирет.  Акбалта суу жүрөк, малга кароо, бакыл, ичи тар Жакыпка карама-каршы туруп, Манасты коркпогонго, белди бекем бууп күрөшкө чыгууга чакырган. «Сенин малың менен жерге кир» деп Жакыпты жемелеп, «Ушул Манас бала үчүн ажал жетсе өлөлү» деп кыргыздарды жоо менен күрөшүүгө үндөйт, өзү да курал кармап душманга аттанган учурлары кездешет. Мындай чакырык атайын ойлонуштурулган таалим -тарбия программасын түзүү менен коштолот. Арийне, эпос деген эпос. Анын мазмунундагы педагогикалык билимдер канчалык бай болбосун, фольклорго таандык кубулуштардын так жана толук мүнөздөмөсү катары концепт, фразеологизм, афоризм, императив, эпитет формасында кездешет.  Жакып хан Манастын келечеги жөнүндө камкор ой жүгүртүп, эмгекке чегерип, ага ак караны таанытуу жөнүндө аялы Чыйырдыга: «Аңдасам, балаңдын акылы аз, жөнүн таппайт, байлыкка мас. Муну эркелетип жөн койбой, койчуга малай кылып берели. Сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын, малдын, дүйнөнүн баркын билсин» – деп акыл салат.

Мындагы: *«Сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын»,* – деген императивде көчмөн кыргыздардын салттуу маданиятында жетилген инсанды тарбиялоонун көп кырдуу программасы катылган деп айтсак аша чапкандыкка жатпайт. Буларды тике маанисинде түшүнүүгө болбойт. Алсак, кыргыз салттуу маданиятында «сөз айтууга жатыгуу» кадыресе адам катары калыптануунун эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары каралган. Ал эми «сөөгү бышып катыгуу» инсандын дене-күч жактан жетилишин мүнөздөйт. Ырасында эле, дени сак муунду тарбиялоо көчмөн кыргыз коомунун жер үстүндө бакубат тиричилик өткөрүшүнүн эң зарыл шарты болгон. Ал эми баатырларды тарбиялоо салтында бул сапаттын мааниси өзүнөн өзү белгилүү. Эпостун тексттеринде кабыргасы ката элек бала Манас ээ жаа бербес, жолборс жүрөк, арстан жүрөк, кабыландай качырган, алгыр куштай талпынган, ажыдаардай оп тартып деген эпитеттер аркылуу кажар күчтүү, башка балдардан айырмалуу сүрөттөлөт. “Манас” эпосунда түрк элдеринин көпчүлүгүндө кездешкен “Эр”, “Эр алп”, «Эр жигит» деген түшүнүктөрү да кездешет.  «Эр жигит» түшүнүгү калайык-калктын уул балдарды тарбиялоого байланышкан акыл туюмунун, тарыхый тажрыйбаларынын туундусу. Түрк элдеринин байыркы салттарына ылайык уул балдар “Эр жигит” деген наамга атайын эрдик көрсөтүп, сыноолордон өтүү аркылуу гана жетишишкен. “Манас” дастанында Манастын “Эр жигит” катары жетилиши эчен сыноолор, күрөштөр менен коштолуп олтурат.  Жалпылап айтканда улуу педагог эл Манасты нарк-насилинин өзөгүн «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Ата баласы болбосоң да, эл баласы бол» деген жогорку даражада өнүккөн атуулдук аң-сезимге негиздешкен.

Ушундай таалим-тарбия мектебинен өткөн Манас душманга багынгандан көрө өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө

Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин (С.К. 1.8 8)

А.Алимбеков белгилегендей "Эпосто баяндалгандай Манастагы асыл баа сапаттар кудайдын кудурети менен көктөн көчүрүлгөн сыйкырдуу кубулуш эмес. Эпос Манастын Ата журтту коргоочу баатырдык касиеттерин, эл тагдырын чечкен жетекчи көсөмдүгүн түздөн-түз ырааттуу уюштурулган тарбиялык иш аракеттердин жемиши катары карайт" Эл бала Манасты жети жашынан баштап «улуттук таалим-тарбия мектебинин» мейкиндигинде жетилдире баштайт. Мисалы, тестиер Манас айылынан өзү теңдүү кырк баланы жыйнап алып, аларды эки топко бөлүп, кадимки беттешүү – кагылыш оюндарын ойлоп таап, аларды согуш оюндарына чейин өнүктүрүшөт. Манас оюндун катардагы катышуучусу эмес, баарынын башын бириктирүүчү озгун лидерге айланат. Айрыкча күч жагынан теңи жок балбанга айлана колуна тийген баланы далысынан капшыра кармап, бургай чаап чаңыртат, тамырлуу талтеректи жулуп, күчүн сынайт. «Эрди эл таптайт» – дегендей булардын баары кеменгер устат – тарбиячылардын көз алдында өтөт. Буга байланыштуу «Манаста» «Туйбаганын туйгузуп, билбегенин билгизип туура жолго салалы» деген тарбиялоо кубулуштарын тикеден-тике ачык чагылдырган элдик педагогикалык түшүнүктөр да өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Бул эпостогу Акбалта, Кошой, Бакай сыяктуу элдик даанышмандардын кыргыз коомун Мекен менен тагдырлаш, тамырлаш-өзөктөш кылып тарбиялоо аркылуу сактоо, өнүктүрүү багытындагы эң негизги таянган, тутунган принциби болгон. Эпосто Манас жана ал сыяктуу кыраандардын өсүп жетилиши дал ушундай устат таалимчилердин жемиши катары каралат. Калк турмушунун не бир татаал көйгөйлөрүн чечүүдө улуу-кичүү мындай акыл-тажрыйбага ар дайым муктаж болгон жана ага карата өтө сый-ызаат менен мамиле жасашкан. Мындай сый-ызаатка негизделген салттын түптөлүшүндө калк башчысы Манастын өзү турат. Ал Бакайдын акылмандыгын, даанышмандыгын, көрөгөчтүгүн жогору баалап: Туйгун аба эр Бакай, Ата болуп өзүмө, Тутка болуп туруп бер. Эки тизгин бир чылбыр, Эл бийлигин алыңыз, Эдене тойтоң сөзүмдү, Эптеп жолго салыңыз – дейт [6, 224]. Ал эми Кошойго: "Абам кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турса өбөгүм, ылдый турса жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум", – деп кайрылат.

Диссертацияда ушундай Манастын патриот жана лидер болуп тарбияланышында, элдик тарбия рухун дилине сиңдиришинде Чыйырды, Ошпур, Акбалта, Бакай, Кошой, Жамгырчы сыяктуу «табийгый тарбиячылардын» ар биринин жеке таасири тексттен алынган конкреттүү мисалдардын негизинде тастыкталган. Алардын тарбиячылык ишмердүүлүгүндөгү айрым өзгөчөлүктөр №1 таблицада берилди.

**Таблица 1. – Манастагы «табигый тарбиячылары» жана алардын тарбиялоо өзгөчөлүктөрү**

| № | Аты | Манаска туугандыгы | Манасты тарбиялоо өзгөчөлүгү |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Жакып** | Манастын атасы | Манастын душманга катылбай, тынч жүрүшүн каалайт |
| **2.** | **Чыйырды** | Манастын апасы | Манастын аман жүрүшүн тилейт<br>Энелик сезимдерин көрсөтөт |
| **3.** | **Акбалта** | Жакып менен уруулаш, нойгуттун бийлигин тарттырып ийген ханы, Манастын абасы | Жакыпка карама-каршы туруп, Манасты коркпогонго чакырган<br>Манас энесинин боюнда экенде анын баатыр болушун билген, душмандан сактап калган<br>Курал кармап душманга аттанган<br>Манас абасы Акбалтага көп таянат<br>Жол тапкычтыкты үйрөтөт<br>Акылмандыкка тарбиялайт<br>Баланы тарбиялоодо «болсо бала шок болсун, шок болбосо жок болсун» принцибин карманат |
| **4.** | **Кошой** | Ногой менен тууган, Катагандын уулу | Кабылан баатыр. Жерин таштабаган мекенчил, Манасты да жерин душманга бербегенге үйрөтөт. Манас эч кимге баш ийбей турганда да аны ийге келтирет |
| **5.** | **Жамгырчы** | Манастын таятасы Эшектин уулу | Манаска көз тийбесин деп элдик ырымдарды колдонот. Улуу башын кичүү кылып Манасты тосуп чыгат. Манаска көрөгөчтүктү, даанышмандыкты үйрөтөт. Бала Манасты эл турмушу менен тааныштырат. |
| **6.** | **Бакай** | Акбалтанын баласы, Манастын абасы | Акылмандык сапатка ээ<br>Иш билги, караңгыдан жол тапкыч<br>Башкаруучулук өнөрдү үйрөтөт<br>Кеңешчи |
| **7.** | **Ошпур** | Жакыптын койчусу | Аскер өнөрүн үйрөтөт. Жөнөкөй адамдардын жашо осуна көнүктүрөт<br>Баланы катыктырат<br>Манасты жатыктырат |

Эпостун мазмунунда таалим-тарбия берүүнүн формалары, каражаттары жана түрлөрү каралып, болочок мекенчил баатырдын дүйнө таануу боюнча тарбияланышы, аскердик-согуш өнөрүн үйрөнүү жана ал үйрөнгөндөрүн турмушта колдонуу процесси, баатырдын дене-боюн чыңдоо тарбиясындагы тамак-аш рациону жана улуттук оюндардын мааниси көрсөтүлүп, кыргыздар балдарына эмгек жана экологиялык тарбияны кандайча жүргүзгөндүгү Манастын бала чагында алган элдик таалим-тарбиясы менен бирге каралган.

Ырасында эле жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоонун кайтарымдуулугу тарбиячылар колдонгон методдордун таасирдүүлүгүнөн көз каранды болгон. Мекенчилдикке тарбиялоонун элдик методдору дегенде балдарды эл жерди коргоого карата каалосун жана практикалык даярдыгын камсыз кылууга багытталган кылымдардын кыйырынан бери өнүгүп келе жаткан тажрыйбаларды түшүнөбүз. Максаты жана функциялары жагынан элдик тарбиянын методдору менен азыркы педагогикалык процесстин талаптары менен тамырлаш, үндөш. Негизинен эпосто аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу ж.б.), кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө сыяктуу методдор кеңири колдонулган. (Таблица-2)

Жогорудагы тарбиялык факторлор, тарбиячылар жана тарбиянын формалары методдору, каражаттары түздөн-түз элдин этникалык тарбиялоо маданияты менен тагыз байланыштуу болуп, далай кылымдар бою сыналып, апробациядан өтүп, эми бала Манасты тарбиялоого кызмат кылгандыгы, бул процесс кандайча жүргүзүлгөндүгү иште ар тараптуу талдоого алынып, илимий жактан баа берилди, алардын практикалык баалуулугу азыркы учурда да жарактуу экендиги аныкталды жана бул процесстин моделин түздүк.

**Таблица 2. – Манасты жетилген инсан, патриот катары тарбиялоонун салттык модели**

| № | | |
|---|---|---|
| 1. | **Манасты тарбиялоонун максаты** | Ар тараптуу жетилген, мекенчил, элди боштондукка чыгара алуучу, кыргыз мамлекетин түзүүчү жана анын кадыр-баркын көтөрүүчү инсанды тарбиялоо |
| 2. | **Тарбиялоонун мазмуну** | Улуттук салттар, адаттар, элдик педагогика аркылуу манастын акыл-эсин, адамгерчиликтүүлүгүн, коомдукту түшүнүүсүн, дене-бой жана ден соолук жактан чың болушун, эмгекчилдигин, мүнөз-эркин, мамлекетти, элди башкара |

| | | |
|---|---|---|
| | | алуу, лидерлик ж.б. сапаттарын калыптандыруу. |
| 3. | **Тарбиялоонун объектиси** | Бала Манас |
| 4. | **Манасты тарбиялоонун каражаттары** | Жаратылыш, турмуш-тиричилик, оюндар, эне тил, баарлашуу, салт, эмгек, дин, өнөр, өрнөк-үлгүлөр |
| 5. | **Тарбиялоонун методдору** | Аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу ж.б.), кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө ж.б. |
| 6. | **Тарбиялоонун формалары** | Аскердик машыгуулар, элдик оюндар, элдик майрамдар, тойлор, эмгек процесстери, салбурунга чыгуу ж.б. |
| 7. | **Манасты тарбиялоочу жайлар** | Үй-бүлө, уруу, коом, эл |
| 8. | **Табийгый тарбиячылар** | Ата-эне, тууган-уруктар, аксакалдар, байбичелер, элдик акылмандар, жоокерлер, кол башчылар, өнөрпоздор ж.б. |
| **Натыйжасы:** мекенчил, баатыр, айкөл Манасты жетилдирүү | | |

Изилдөөбүздүн төртүнчү милдетинин алкагында «Манас» эпосу аркылуу окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары талдоого алынган. Коомдук расмий иделогиясындагы айрым карама каршылыктарга карабастан «Манас» дастанын мектептерде окутуу ишине айрыкча алгачкы окуу программалар түзүлүп жаткан учурда атайын көңүл бурулганын танууга болбойт. Советтик улуттук мектептердин куруучуларынын бири Н.К.Крупская ар бир элдин өзүнө таандык салттуу тарбия маданияты, руханий дөөлөттөрү эркин өнүккөн мамлекетте гана чыныгы демократия, нагыз интернационализм болот деп эсептеген, улуттук маданиятка

текебер мамиле кылган нигилисттерге ар дайым каршы турган. Ошондуктан ал айрыкча адабият боюнча окуу программалардын мазмуну баланын эне тилинде жаралган көркөм дөөлөттөрдөн куралышын кубаттаган. «Манас» эпосу боюнча материалдардын 1939-жылы 6-класстар (19-кылымдын адабияты хрестоматиясы. Толук эмес орто мектептер үчүн, 1-бөлүк, Фр., -Казан, 1939) үчүн түзүлгөн окуу хрестоматияларынан орун алышын дал ушул себептер менен түшүндүрүүгө болот. Бирок, айрым жылдары (1949, 1954) жарык көргөн окуу китептерден идеологиялык себептерден «Манаска» байланышкан материалдар алынып ташталып олтурган. Мектеп окуучулары «Манас» эпосу менен таанышууга Ж.Таштемиров жана С.Мусаев түзгөн 8-9 класстар үчүн хрестоматиянын 1-китеби аркылуу гана мүмкүнчүлүк алышкан. (Фр., 1952). Анда үчилтиктин бөлүктөрүнөн үзүндүлөр, чыгарма жөнүндө айрым маалыматтар берилген.

Айрыкча 1954-жылы жарык көргөн 8-класстардын адабият окуу китебиндеги эпостун материалдарына (Фр.,) саясий «ярлык» тагылып 10 жылга жакын убакытка чейин окуу китептеринин беттеринен орун берилбей келген. Натыйжада «Манас» эпосу 1961-62-жылдары гана окуу программасына киргизилип окуу китебинен 1972-жылы гана өз ордун ээлеген. Советтер мамлекети таркап өлкөбүз өзүнчө көз карандысыздыкка ээ болушу улутубуздун өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрүн сактап калуу, жаш муундардын улуттук этникалык иденттүүлүгүн калыптандыруу сыяктуу активдүү иш аракеттер менен коштолду. Бул коомдук руханий өзгөрүүлөрдүн контекстинде «Манас» эпосуна карата мамиле ар тараптуу иш аракеттер менен коштолду.

Диссертациялык ишибиздин контекстинде «Манасты» окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы тажрыйбалардын өнүгүш *тенденциялары* катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөгө байланыштуу иш-чаралар эпоско улуттун руханий чөйрөдөгү кенчи, келечек ориентири катары кароого мүмкүнчүлүк берип, билим берүү мекемелеринин алдына улуттук маданияттын уламалуулугун сактоо, коргоо багытында жаңы милдеттерди койду;
- «Манастын жети осуятын» мамлекеттик идеология катары сунушталышы мектептерде мугалимдердин, окуучулардын эпоско таалим-тарбия булагы катары кароо ыкласын жаратууга өбөлгө болду;
- Айрым региондордо окуучуларды мекенчилдикке Манастын, Семетейдин өрнөгүндө тарбиялоо максатында «Манас», «Семетей» сыяктуу окуучулар кошуну пайда болуп, бирок ал демилгелер массалык мүнөзгө айланып кете албады;
- Мектептерде «Манаска» байланыштуу мекенчилдик багытындагы тарбиялык иштердин бир катар түрлөрү кулач жайды («Жаш манасчы жана дастанчы», «Менин Манасым», «Манас» балдардын көзү менен» ж.б);
- Жазуучулар тарабынан «Манастын» проза түрүндөгү кыскача варианттары, иллюстративдик альбом, мультфильмдердин даярдалышы эпостун идеяларынын балдар арасында таасирдүүлүгүн арттырды.

«Манас» эпосун өз алдынча сабак катары окутуу жаатында 1991-жылдан баштап Талас облусунда жергиликтүү жетекчилердин колдоосу менен "Манас сабагы" 3-11-класстарда өзүнчө предмет катары окутула баштаган. Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, педагог Бектур Исаков тарабынан аталган сабактын окуу программасы менен окуу китеби да түзүлгөн.

«Манас» эпосу аркылуу окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо улуттук идеологиянын негизги багыттарынын бирине айланган. 2011-жылдын 28-июнунда кабыл алынган “Манас" эпосу жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамында Мамлекет Кыргызстандын калкынын кеңири катмарынын арасында "Манас" эпосунун үчилтигин ар тараптан окутуп үйрөтүү үчүн шарттарды түзөт деп белгиленген. Бул мыйзамды ишке ашыруу багытында билим берүү мекемелеринде “Манас таануу”сабагы киргизилген. Бүгүн “Манас” аркылуу окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо үчүн бардык социалдык педагогикалык өбөлгөлөр, шарттар бар экендигин тастыктоого болот. Алар «Манас» эпосун окутуунун нормативдик-укуктук базалары; «Манас» эпосун окутуу багытындагы илимий-методологиялык иликтөөлөр; илимий-методикалык шарттардын түзүлүшү; мектептерде жана ЖОЖдордо эпосту үйрөнүү боюнча тажрыйбалар.

Мектеп жана жогорку окуу жайларда “Манас” эпосу аркылуу окуучу жаштарды тарбиялоо боюнча тажрыйбалар анализи жетишкендиктер менен бирдикте айрым мүчүлүштүктөр да орун алып келе жаткандыгын ачыкка чыгарды.

- “Манас таануу” сабагына карата формалдык мамиле. Жогорку окуу жайлар тарабынан ички демилге, чыгармачылыкка караганда калыптанган шаблондорго ыктоо;
- “Манас таануу” сабагынын мазмуну инсан баалуулуктарын өнүктүрүүгө негизделбей көбүнесе эпоско байланыштуу түрдүү маалыматтарды айрым учурда иретсиз окутууга негизделгендиктен студенттердин кызыгуусун бат эле төмөндөтүп койгон учурлар арбын экендиги тастыкталды.
- “Манас таануу” сабагын окутуу боюнча профессордук- окутуучулар курамынын түшүнүктөрү өтө терең эмес, адистешкен окутуучулар өтө сейрек;
- сабактарда ошондой эле университеттердин тарбия процессинде “Манастын” нускаларынын негизинде жүргүзүлгөн иш чаралар өтө эле чабал, илимий-методикалык жактан негизделген эмес, көбүнесе аны уюштуруучулардын жеке интуицияларына же салттык формаларга гана негизделген;
- Мектептерде “Манасты” окутуу окуучуларды тарбиялоонун комплекстүү программасы менен бир тутумда талдоого алынып интеграцияланган эмес;
- мектеп мугалимдеринин “Манас” аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрү айтаарлык деңгээлден төмөн;
- үй-бүлөлөрдө балдарды “Манас” аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы позитивдүү тажрыйбалар өтө сейрек жана аларды анализдөө, жайылтуу жагы колго алынган эмес.

- Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдерди “Манас” эпосу аркылуу этнопедагогикалык жактан даярдоо маселеси олуттуу проблема катары карала элек.

Ошентип, бүгүн “Манас” эпосу аркылуу мекенчил инсандарды тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденцияларына байланыштуу анализдин материалдары бул иш өзүнүн калыптануу этабын баштан кечирип келе жаткандыгын айкындоого мүмкүнчүлүк берди. Бул иштердин алкагында башка иш-чаралар менен бирдикте “Манастагы” педагогикалык билимдердин системасын элдик педагогикалык маданияттын өзөк багыттары катары изилдөө, бүгүнкү педагогикалык процесстин контекстинде интерпретациялоо зарылдыгын тастыктады.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

«Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролун ачып көрсөтүү жана ошол этнопедагогикалык идеяларды азыркы Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун парадигмаларын, педагогикалык шарттарын, технологияларын иштеп чыгуу менен биз жалпы эмгектен төмөнкүдөй жыйынтактарды чыгардык:.

1. «Манас» эпосундагы балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча салттык билимдерди изилдөөнүн өнүгүш тенденцияларын жана азыркы абалын аныктоо балдарды патриот инсан катары тарбиялоо боюнча салттык билимдерди изилдөөнүн өнүгүш тарыхын жана азыркы күндүн жалпы картинасын философиялык, педагогикалык, социологиялык аспектиден ачып көрсөтүп, анын кыргыз балдарынын таалим-тарбиясына тийгизген таасирин аныктоого жардам берди. Мына ошол процесске батыл аралашып жаткан жаштарды оң сапаттарга тарбиялоодо элдик педагогикалык мурастардын, анын ичинде «Манас» эпосундагы инсандын калыптануу процессин изилдөөнүн максат-милдеттерине, методологиялык таянычтарына,тарыхый эволюциясына теориялык-практикалык багытта экскурс жүргүздүк жана анда философиялык, фольклористикалык, этнопедагогикалык эмгектердеги идеяларды ишибизде пайдаландык.

2. «Манас» эпосунда мекенчил инсанды тарбиялоонун максаты, милдеттери, факторлору, ыкмалары туралуу эмпирикалык билимдер арбын. Анын мазмунундагы бул типтеги педагогикалык билимдер канчалык бай болбосун, фольклорго таандык кубулуштардын так жана толук мүнөздөмөсү катары концепт, фразеологизм, афоризм, императив, эпитет формасында кездешет. Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор катары биринчи кезекте, ошол учурдагы *күнкор элдин абалы, мекенсиздик фактору*; экинчиси, *кыргыз элинин байыртадан келе жаткан баатырдык тууралуу идеалы, өрнөктүү адамдардын үлгүсүндө өстүрүү салты*; үчүнчүдөн, *балдарды тарбиялоодо карылардын, улуулардын милдети өзгөчө феномен* экендиги белгиленди. «Эрди эл таптайт», – деген эреженин негизинде бала Манасты мекенчилдикке тарбиялоо Акбалта, Кошой, Бакай сыяктуу кеменгер устат – тарбиячылардын көз алдында өтөт. «Туйбаганын туйгузуп, билбегенин билгизип туура жолго салалы» деген идея “табийгый

тарбиячылардын" таянган, тутунган принциби болгон. «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун факторлоруна жана «табийгый тарбиячылар» институтуна талдоо жүргүзүү «Манас» эпосундагы инсанды мекенчил атуул катары тарбиялоо тууралуу элдик педагогикалык идеялардын таасирдүүлүгүн далилдеди.

3. Бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык формалары, ыкмалары баланы кичинекей кезинен эмгекке жатыктыруу, ишке көнүктүрүү элдик тарбия системасындагы салттык механизмдердин бири катары илгертен эле жашап келген. Бала Манас кыргыз элиндеги ушул салттык тарбиянын нугунда социалдашуу процессинен өткөн: койчулукка берилип, бала Манастын эмгекке бышыгышы жана бул эмгек мектеби Манастын инсан катары калыптанышында башкы ролдордун бирин ойногон. Балага "Жети атаны" таанытуу элдик тарбия салтында туруктуу мотивдерден болуп келген. Бала Манас атасы Жакыптан өзүнүн жети атасы жөнүндөгү тарыхты угат жана үйрөнөт. Жакып өзүнүн чүрпөсүнө ардайым сенин түпкү атаң Каракан, Каракандан Огузкан, Огузкандан Аланчахан, Аланчахандан Байгур, андан ары барып Ногой, Ногойдон Орозду чоң атаң–деп гениологиялык тарыхый тамырын таанытат. Демек, бала Манастын тарыхый эс-тутуму инсан катары калыптанышында "Жети ата" фактору тарбиялык мааниге ээ болуп, салттык билим Манастын социалдашуусунда чоң таасирин тийгизген.

Атасы Жакыптын, энеси Чыйырдынын жана Алтайдагы акылман карыя Акбалтанын, Ошпурдун кыргыз элинин башынан кечирген кыйын-кезең тарыхы, соңку трагедиясы тынымсыз баланын кулагына куйган аңгемелери бала Манастын патриоттук сезимдеринин, мекенчил ой-жүгүртүүлөрүнүн бүчүрлөнүшүнө жана калыптанышына таасирин тийгизген факторлордон болгон. Жаш Манас элдин кайгылуу тарыхын уккандан кийин,"Үзүлгөндү улоо, чачылганды жыйноо, курама жыйып журт кылуу, кулаалы таптап куш кылуу" жөнүндөгү жыйынтыкка келген. Баланын элдик оюндар аркылуу социалдашуусу-элдик тарбия салтында туруктуу иштеген механизмдердин бири (бала Манастын ат чабыш, ордо атыш ж.б.оюндарга катышуусу. «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандырууда аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу ж.б.), кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө сыяктуу ж.б методдорого кеңири орун берилген.

4. «Манас» эпосунун баалуулуктарын окуучу жаштарды тарбиялоо багытындагы тажрыйбалар коомдук өнүгүүнүн ар кыл этаптарындагы саясий-идеологиялык шарттарга жараша өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Алардын тутумунда "Манас" дастанынан зыяндуу элемент таап мектептеги таасирин чектөө тенденциялары да болгон. «Манастын жети осуятын» мамлекеттик идеология

катары сунушталышы мектептерде мугалимдердин, окуучулардын эпоско таалим-тарбия булагы катары кароо ыкласын жаратууга өбөлгө болду.

Азыркы шартта «Манас» эпосун мекенчил инсандарды тарбиялоодо колдонуу багытында укуктук, саясий-идеологиялык, педагогикалык шарттар жетиштүү. Ошого карабастан бул иште демилгелүүлүк, жаратмандыкка караганда даяр шаблондорго ыктоо басымдуулук кылып келүүдө. Азыркы күндө Кыргызстандын жаштарын тарбиялоого пайдалануунун парадигмаларын жана педагогикалык шарттарын белгилөө менен биз учурдагы жаштарды мекенчил кылып тарбиялоодо улуу эпостун өрнөгү таасирдүү экендигин көрдүк жана аны педагогикалык процесске чыгармачылык менен колдонууга мүмкүн боло тургандыгына ынандык.

**Практикалык сунуштар:**

1. «Манас» эпосун окутууда окутуучу улуу эпопеянын тереңинде жаткан элдин тарбиялык ойлорун окуучулардын жана студенттердин жан дүйнөсүнө сиңдирүүгө жетишиши керек.

2. Манастын образынын негизинде азыркы жаштарды мекенчилдикке тарбиялоого жетишүү үчүн окутууда жаңы, интерактивдүү ыкмаларды колдонуу талап кылынат.

3. Баатыр баланын образы аркылуу жаштардын мекенчилдик сезимдерин жогорулатууда элдик тарбиялык салттарды азыркы жүрүм-турум эрежелери менен айкалыштырып кароо жана мисалдар аркылуу бекемдөө зарыл.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну, жоболору автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:**


1. **Каденова, Ж.Т.** «Манас» эпосу келечек муунга тарбиялык чоң мектеп[Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун Жарчысы – Ош. –2016. – №4. – 34-40-бб.

2. **Каденова, Ж.Т.**Бала Манастын патриот болуп калыптанышынын башаты[Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун Жарчысы. – Ош. –2016. – №4. – 40-46-бб.

3. **Каденова, Ж.Т.**Педагогические функции народной традиционной культуры в глобальном мире[Текст] / Ж.Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2017 – №2. – 26-29-бб.

4. **Каденова, Ж.Т.** Глобализация и народная педагогика[Текст] / Ж.Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2017 – №3. – 82-84-бб.

5. **Каденова, Ж.Т.** Причины невоспитанности Манаса и пути их исправления[Текст] / Ж.Т. Каденова // Интернаука. – Москва. –2017 – №5(9). – II часть.– 66-69-бб.

6. **Каденова, Ж.Т.** Кыргыз эл педагогикасында балага ат коюу салтынын «Манас» эпосунда чагылдырылышы[Текст] / Ж.Т. Каденова // «Тарых жана мурас түрмөгү». Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору Кыргыз Республикасынын Баатыры, манасчы Жусуп Мамайдын чыгармачыл мурасына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. – Бишкек. –2017.– 218-222-бб.

7. **Каденова, Ж.Т**. The role of folk pedagogy during the globalization[Текст] /

Ж.Т. Каденова // «IV Uluslararasi Türk Dünyasi Araş tirmalari Sempozyumu» Bildiriler Kitabi cilt 3. Ömer Halisdemir Üniversitesi.– Nigde, 2017. – 847-852-бб.

8. **Каденова, Ж.Т.** Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Кошойдун таасири[Текст] / Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, 2017. – №4. – 192-194-бб.

9. **Каденова, Ж.Т.** Манас баатырды табиятты сүйүүгө тарбиялоо[Текст] / Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, 2017. – №4. – 192-194-бб.

10. **Каденова, Ж.Т**. Баатыр болуучу баланын төрөлүшүнө байланыштуу элдик педагогикалык түшүнүктөр[Текст] / Ж.Т. Каденова // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары, – Бишкек,2017. – №4. – 192-194-бб.

11. **Каденова, Ж.Т.** Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор жана анын тарбиячылары[Текст] / Ж.Т. Каденова // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Бишкек, 2017. – №4. – 192-194-бб.

12. **Каденова, Ж.Т.** «Манас» эпосундагы сүйүнчүлөө салты[Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун Жарчысы – Ош. – 2017. – №4. – 187-192-бб.

13. **Каденова, Ж.Т.** Кыргыз эл педагогикасында балалуу болуу тууралуу идеялар[Текст] / Ж.Т. Каденова // ОшМУнун Жарчысы. – Ош. –2017– №4. – 187-192-бб

14. **Каденова, Ж.Т.** Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Акбалтанын таасири[Текст] / Ж.Т. Каденова // Эл агартуу. – Бишкек. – 2017.– №4. – 187-192-бб.

15. **Каденова, Ж.Т**. Формы и виды воспитания, обучения Манаса[Текст] / Ж.Т. Каденова // Мир в языке и культуре. Выпуск 14. – Санкт-Петербург. – 2017. – С. 81-87.

16. **Каденова, Ж.Т**. Манастын мекенчил инсан катары калыптанышында Ошпурдун педагогикасы[Текст] / Ж.Т.Каденова // Материалы II форума гуманитарных наук «Великая степь». Международная Тюркская Академия. – Астана. –2017. – 758-762-бб.

17. **Каденова, Ж.Т.**Народная педагогика как источник сохранения традиций воспитания и обучения в условиях глобализации общества[Текст] / Ж.Т. Каденова // Педагогическая наука и современное образование. – Санкт-Петербург. – 2018. – С. 229-233.

18. **Каденова, Ж.Т.** Бүгүнкү күндө жаштарды мекенчилдикке тарбиялоонун өзгөчөлүгү[Текст] / С.О. Байгазиев, Ж.Т. Каденова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2018. – №2. – 66-70-бб.

19. **Каденова, Ж.Т.** Роль народной педагогики в формировании личности[Текст] / Ж.Т. Каденова // Народы и культуры Южной Сибири и сопредельных территорий. – Абакан. – 2017. – С. 154-156.

20. **Каденова, Ж.Т**. Идеи и опыт трудового воспитания в народной педагогике киргизов [Текст] / Ж.Т. Каденова //Материалы XI Международной научно-практической конференции / Сборник статей. Часть 2. – Москва. – 2018. – С. 323-328.

**Каденова Жаннат Токтомаматовнанын «Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө**

## РЕЗЮМЕ


**Түйүндүү сөздөр:** ааламдашуу доору, «Манас» эпосу, элдик педагогика, этнопедагогика, инсандын калыптанышы, патриот, патриоттук тарбия, педагогикалык шарттар.

**Изилдөөнүн максаты:**«Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн методдору:** адабий булактардын логикалык-методологиялык анализи, мугалимдердин тажрыйбасын изилдөө жана жалпылоо, эпостун тексттери жана этнопедагогикалык эмгектердин анализи, байкоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

«Манас» эпосундагы «бала Манасты инсан, патриот катары калыптандыруу» түшүнүгү салттык тарбиянын модели катары илим айдыңынан ачылып көрсөтүлдү; «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык факторлору, «табийгый тарбиячылар»институту, методдору, ыкмалары кыргыздын элдик педагогикасынын компоненти катары талдоого алынды; «Манас» эпосунун педагогикалык баалуулуктарын азыркы окуучу жаштарды тарбиялоодо колдонуу боюнча тажрыйбалардын тарыхы жана өнүгүш тенденциялары талдоого алынып, илимий-педагогикалык баа өлчөмүнөн өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары кыргыз мектептеринин окуучуларын тарбиялоонун мазмунун, формаларын, методдорун өркүндөтүүдө эске алынышы мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары мектептин “Кыргыз адабияты” сабагынын “Манас” эпосуна байланыштуу окуу материалдарынын мазмундук чектерин кеңейтүүгө ресурстук база катары колдонууга болот.

Изилдөөнүн материалдары жогорку педагогикалык окуу жайлардагы «Педагогика тарыхы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар», «Манас таануу», «Этнопедагогика» сабактарынын окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Каденовой Жаннат Токтомаматовны на тему: «Роль традиций народного воспитания в формировании юного Манаса как личности, патриота в эпосе «Манас». на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** глобализация, эпос «Манас», народная педагогика, этнопедагогика, формирования личности, патриот, патриотическое воспитания, педагогические условия.

**Цель исследования:** Показать роль традиций народного воспитания в формировании как личности, патриота юного Манаса в эпосе «Манас».

**Методы исследования:** логико-методологический анализ литературных источников, исследование и резюмирование опыта учителей, анализ текста эпоса и этнопедагогических трудов, наблюдение.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:**

Понятие «формирование юного Манаса как личности, как патриота» в эпосе «Манас» как модель традиционного воспитания была раскрыта с научной позиции; традиционные факторы формирования юного Манаса в эпосе «Манас» как патриота, как личности, институт «природных воспитателей», методы, способы были анализированы как компоненты кыргызской народной педагогики; проанализированы история опытов и тенденции развития по использованию педагогических ценностей в эпосе «Манас», которым были даны соответствующие научно-педагогические оценки.

**Практическая значимость иседования.** Результаты исследований могут быть использованы в совершенствовании патриотических чувств молодежи через образы юных героев, изучении эпически-героических произведений в кыргызской педагогике. Материалы исследований могут быть использованы для совершенствования содержания учебных программ, учебных пособий высших педагогических учебных заведений по “Истории педагогики”, “Педагогические теории, системы и технологий”, “Манасоведению”, “Этнопедагогике”.Также может учитывать развитие содержания, форм, методов воспитания учащихся кыргызских школ.

## SUMMARY

**dissertation research, performed by Kadenova Jannat Toktomamatovna within the topic «The role of folk education in formation of young Manas as a patriot, as a person in the epic «Manas»» on the specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Key words:** globalization, epic «Manas», national pedagogy, ethno pedagogy, training, patriot, patriotic education, pedagogical conditions.

**The purpose of the research:** Show the role of the traditions of popular education in the formation of a personality, a patriot of young Manas in the epic "Manas".

**The methods of research:** logical and methodological analysis of literary sources, research and summarizing the experience of teachers, analysis of the text of the epic and ethno pedagogical works, observation, questionnaire.

**The scientific novelty and theoretical value of the research:** The concept of "the formation of young Manas as an individual as a patriot" in the epos of "Manas" as a model of traditional education was revealed from a scientific position; the traditional factors of the formation of the young Manas in the epic "Manas" as a patriot as a person, the institution of "natural educators", methods and methods were analyzed as components of Kyrgyz folk pedagogy; the history of experiments and the development trends on the use of pedagogical values in the Manas epic are analyzed, and the corresponding scientific and pedagogical assessments were given.

**The practical value of the research:** The results of the research can be used to improve the patriotic feelings of youth through the images of young heroes, the study of epic-heroic works in Kyrgyz pedagogy. Research materials can be used to improve the content of curricula, teaching aids of higher pedagogical educational institutions on the "History of Pedagogy", "Pedagogical Theories, Systems and Technologies", "Manas taanuu", "Ethnopedagogics." It can also take into account the development of content, forms, methods of education students of Kyrgyz schools.